С кырг.
Ж С 31

Маматибраим
ЖАНЫБЕКОВ

# МЕКЕН, МЕЗГИЛ, АПАМ жана МЕН



Формуляр книги

| | |
|---|---|
| Скрг. | 472943 |
| Ж31. | Жаныбеков М. |
| | Мезгил, |
| | жана мен |
| | 38 с |

хр

Скрг.
Ж31

Маметибраим Жаныбеков

# МЕКЕН, МЕЗГИЛ, АПАМ ЖАНА МЕН

(ырлар)

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472943

Ош шаары, 1994-жыл.

ХРАНЕНИЕ



Жаш акын Маметибраим Жаныбековдун өмүр жолу абдан кыска: Алыскы Алай-Куу айылында төрөлүп, орто мектепти бүтөөрү менен турмушка эрте аралашып, совхоздо иштеген. Аскерге чакырылып, ок учкан Ооган жеринде кызмат өтөгөн. Аскерден келген күндөн баштап Ош шаарындагы курулуш уюмдарында иштеп жүрүп. Ош мамлекеттик университетинин филология факультетине келип кирген. Азыр ал 3-курстун студенти.

Маметибраимдин «Мекен, мезгил, апам жана мен» аттуу ыр жыйнагы поэзияны кадырлаган бүгүнкү күндүн талабы күчтүү окурманын кайдыгер калтырбайт го деген ишенимдемин. Ал өзү теңдүү ыр жазып жүргөн жаш акындардын тобунан суурулуп чыгып келаткан, келечегинен ишеним туудурган, өз үнү, өз сөзү бар көркөм деңгээлге жетип калган жаш акын. Албетте, анын жазаары, элине берээри али алдыда...

Маметибраим каламынын тизгинин кайсы тарапка бурбасын,— мейли ал өз максат-тилектерин баян кылбасын, мейли мезгил, мекен, табият тууралуу ыр жазбасын, мейли эненин азаптуу түйшүгү, же өмүр, турмуш, жашоо жөнүндө ыр жазбасын,—анын баарына кырчын жаштык курагынын атынан баа берет, көрөт жана сезет, өзүнө таандык үн менен көркөм баяндап берет.

Жаш автордун Ата Журтуна, эли-жерине жана замандаштарына акындык эргүүдөн оргуп чыккан нукура таза ойлорун сунуш кылат. Ал ойлор ушунчалык ишенимдүү, турмушка жакын, таза жана таамай тийип, көңүлгө жугумдуу. Жаш акын алп акын Алыкулду пирим деп эсептейт. Ал Алыкул-

часынан Ата Журттун азабын, тозогун өз мойнуна көтөрүүгө даяр:

«Күчкө толдум, Ата Журтум,—
бар жүгүңдү арт мага,
Керек эмес кургак мансап,
«сиз, биз» дешкен барк мага!
Алды-артыңда кырсыктарга
көкүрөктү тосоюн,
Сага жетпей таамай келип
тийсин ошол дарт мага!?»

Мындай саптарды жаратуу үчүн акындык эрдик талап кылынат. Андан да атуулдук ошол бийиктикке жетүү, көтөрүлүү зарыл нерсе. Ал бийиктиктен жалпы журтка элдин ишенимдүү уулу катары жакшылыктарга, сезимталдыкка, ыймanга үндөсө жарашат, Мекенге келаткан кырсыктарга даяр турууга чакырса, ал акындын сөзү элге-журтка жетет. Маметибраим ошондой даярдыктар менен келаткан жаш акын. Анын ойлору даана, чөп-чарынан арылган кызыл кырман сыяктуу салмактуу, колго урумдуу жана окуган окурманды кубантып, алардын ички туюмуна көркөм рухий тазалыкты тартуулап турат.

Бул жыйнак поэзиянын талаш-тартыштуу татаал майданына аттанып бараткан жаш автордун алгачкы тунгуч жыйнагы. Жыйнакка кирген ырларды мен жазгы көккө тойгон уйдун ууз сүтүнө салыштырар элем. Ал ууз сүттүн сырын билген адам гана иритпей имерип олтуруп керекке жаратат эмеспи. Бул талап окурманга карата айтылган бир ой. Жыйнактын жетишпеген, ойлору толук болбой калган, чала чырпып өткөн саптарына окурман калкы өзү баа берип алаар. Негизинен тыгыз мөмө байлаган жүзүм шиңгилиндей болгон бул ыр топтом, автор өзү жазгандай: «Жалпы журттун керегине—жемишин берсе болгону»!

Акыркы айтаар сөз—жаш акындын поэзиясынын магниттик талаасы кеңейе берсин, анын кубатына арбалгандар арбын болсун!

**ҚАРМЫШАҚ ТАШБАЕВ,—**
**Кыргызстан жазуучулар Союзунун Ош облустук уюмунун катчысы, акын.**



## ЭГИЗ ГҮЛ

Жүрөгүмдө эки гүл бар,
Эч ким көрүп сезе элек.
Бирөө болсо ойноок бала,
Бири кыздай секелек.

Секелектин мүнөзүндө —
Поэзия жанры.
Ойноок бала көңүлдөгү—
Элди сүйүү агымы.

Жабыр тартпай өссө экен дейм—
Жүрөктөгү—кош гүлүм.
Ак жаан болуп төксө деймин—
Көңүлдөгү өткүнүм.

Бар тилегим—эгиз гүлүм,
Кутпөй жаздын келишин.
Жалпы журттун керегине—
Берсе болду— жемишин.

▲▲▲▲

## АДАШПА ЖҮРӨК

Колумда калам, алдымда барак,
Көңүлдө толгон түгөнгүс санат.
Келерки күнгө арзыйбы ишим,
Урпактар үчүн керекке жарап.

Адашпа жүрөк, адилет каккын,
Кан эмес сенден жакшы ырлар аксын.
Карыксын көзүм ыр издеп түндөп,
Кез келер акыр-ыр бактан бактым.

Чечилип катар түйүндүү сырлар,
Куюлсун сенден жагымдуу ырлар.
Болоттой курчуп, жорголоп калам,
Алайын андан түйшүктүү жыргал.

▲▲▲▲

## ТИЙБЕСЕ ЭКЕН КЕСИРИМ

Көңүлүмдө терең сүйүп—
тийген күндүн таасирин,
Түгөнгүчө жарыктыкта —
татар тузум, насибим.
Адамзада, алдыңарда
өтөсөм дейм парзымды,
Таза сактап көкүрөктө—
ыйманымдын насилин.

О калайык, башыңарга —
келип турган ооматың,
Кубандырат мени кошо—
өзүмкүндөй ооба, чын.
Чагылгандын огу болуп —
кан тамырын куйкалап,
Көрсөткүм жок бириңе да —
аламаттын коогасын.

Санаaларга көз жарадай—
суусу чыккан тешилип,
Сунгум келет бабалардан —
калган үмүт кешигин.
Бүт пенденин азап жүгүн
алсам мейли мойнума,
Жаман жашап эч кимиңе—
тийбесе экен кесирим.

▲▲▲▲

## АК ӨРГӨӨ

Колду шилтеп көр турмушта —
жыла басып таштактан,
Жылма жашап жалгандыкта—
конгум келбейт жакшы атка.
Каалагандар күлсүн мага,
мейли тилдеп, каргасын,
Кайра тартпайм өз алдыма
коюп алган максаттан.



Үмүтүм бар өчпөс оттой,
ысык табы аптаптай,
Аны менен жашагым бар—
сезимдерди аксатпай,
Чын дилимде өтсөм деймин —
пайдама деп жүгүнүп,
Далыга чаап бирөөлөрдү,
бирөөлөрдү какшатпай.

Тынымы жок камчыланып—
өтүп жаткан сааттарда,
Менден качкан жаштык демин—
билегинен шап кармап,
Кыргызыма курсам деймин—
жалаң ырдан ак өргөө,
Кош көзүмүн майын берип—
тизген ар бир саптарга.

▲▲▲▲

## ЫР САБЫНДА ЖАНБАСА

Ажал мизи чагылышып—
бешенемде ойносо,
Ичиркентип жылаан болуп—
көкүрөктө сойлосо.
Тилемчидей колум сунуп,
жалдырабай зарыгып,
Найза кирпик учу менен
алыс түртүп койбосом.

Жалгыз баштын күнү бүтүп,
кокус келсе каргаша,
Алсыратып өмүрүмдүн—
соңку сааты арбаса.
Менден калган бүт жыргалды—
арноо үчүн өзүнө,
О адамзат, тике туруп—
өлүм менен кармашам.

Өлүм менен күрөшүүгө —
түгөп дарман калбаса,
О кыргызым, тамырыңа—
күлкү болуп тамбасам.
Ала-Тоодон бир ууч турпак
калсын мага буюрбай,
Өткөн күнүм ыр сабында—
учкун болуп жанбаса.

▲▲▲▲

## АЛЫКУЛГА

Каламдары колго катып карышып,
Таң атырып ылар менен алышып.
Кыргызымдын арасынан маарага,
Көп акындар келе жатат жарышып.

Каламын деп кандай күнгө кабылып,
Арбагыңа, о Алыкул жалынып.
Ашык болгон Ак бозуңа көпчүлүк,—
Мен чабайын, түшүп бер,—дейт жалынып.

Эл ичинде арбагыңа жүгүнүп,
Таазим этип, акын сага бүгүлүп.
Сураганым Акбоз эмес, чобур ат,
Жону жооруп, жүнү түшкөн күбүлүп.

Толубайдай суутуп аны көрөйүн,
Тапка келсе туягынан өбөйүн.
Тулпар чыкса келечекте алкынтып,
Кыргыз ырын бир бурчунан жөлөйүн.

▲▲▲▲

## ӨМҮР

**Эжем Канышайдын элесине**

Агын суудай шар аккан,
Көздөн кайып заматта.
Өмүр зыргып барат тез,
Кайра келгис тарапка.



Жазда өрүк гүлдөгөн,
Күн айкашып түн менен.
Өткөн күндөр муңканат,
Аянычтуу үн менен.

Шашкан мезгил учкаяк,
Кайдан уксун ал үндү.
Таштап барат өзөккө,
Алоологон жалынды.

Нуру жанган жүзүндөн,
Соруп барат канынды.
Жер алдына жашырат,
Түгөтүп бүт алынды.

Жашоо менен өлүмдүн,
Асман жердей ортосу.
Бул дүйнөдө чаалыгып,
Эч ким жетпес болсочу.

Оргуп чыккан булактай,
Өмүр дайым толсочу.
Жаш адамды жазгырган,
Ажал өзү соолсочу.

Дайым шайыр, дайым шат,
Болсочу адам көңүлү.
Узун болуп карынын,
Түгөнбөсө өмүрү.

Жер алдына бир да жан,
Жатпас болсо көмүлүп,
Жакынынан ажырап,
Акпаса жаш төгүлүп.
Оргуп чыккан булактай,
Өмүр дайым толсочу.
Адам жанын алуучу,
Ажал өзү соолсочу.

▲▲▲▲

## КЕМИЙ БЕРЕМ

Менменсинип бүт ааламды
алаканда туткандай,
Дөөлөткө мас жүргөндөргө
көз артпаймын, суктанбайм.
Тарыбаймын туна берсин—
жыргалына жашоонун.
Теңсинбесе бужүрөбөйм—
алдында ийне жуткандай.

Араздашып шашпа дебейм
муштум түйүп кекенип,
Кол шилтейм да, ал байкушту
ичтен аяп кетемин.
Анткендигим—бул да бир күн
жаза басат тагдырдан,
Дал ошондо кан кустурат—
мындай дөөлөт кесели.

Терин сыгып, кол жоорутуп—
түйшүктөнүп жатканга,
Үлүш кошом тилек менен —
күндүз, түндө, ак таңда.
Кичи пейил адамдарга—
таазим этем ийилип,
Жетпейт күчүм түз өтүүгө—
көөдөн керип асманга.

Карып көрсөм жайдак турмуш —
кыз-уулу жок бакканга,
Үшкүрүнүп, уулугамын —
кудум жылаан чаккандай.
Кемий берем, кемий берем—
санаа торго тушалып,
Жүргөн өңдүү адамчылык —
бир парзымды аткарбай.

▲▲▲▲



## ТҮНКҮ ЫР

Түн бешигин термеди,
Салкын соккон желге эми.
Көтөрүлдү Ай көккө,
Алдей айтып бергени.

Бейпил болуп ушул түн,
Жылдыз өчүп, учпасын.
Тыптынч жатып чочубай,
Кары-жаш бүт уктасын.

Сыйкырдуу түш жолунан,
Ажал кетсин адашып.
Илдеттерден тазалап,
Жансын жашоо каадасы.

Наркын бузуп тынчтыктын,
Ачуу добуш чыкпасын,
Бакыт калкып Ай менен,
Ар бир үйгө ыктасын.

▲▲▲▲

## О КЫРГЫЗЫМ

Буюктуруп бет алдымдан—
соксо шамал, борошо,
Жалтактабайм мен өзүмө—
тандап алган жол ошол.
Музду жарып жазга айланам—
ата журттун деминен,
Жаратылыш тон ордуна —
көк музуна оросо.

Музду эритем, жүрөк менен—
суугун алыс качырам,
Жакшылыкты жолдогонго—
гүлүм төгүп ачылам.

Кыргыз үчүн шоола төгүп—
тунгуюкта караңгы,
Сүрдүү түндүн асманына—
жылдыз болуп чачылам.

О кыргызым, кагылайын—
кыргыз деген атыңан,
Ала тоодой тарыхыңды—
алаканга батырам.
Керек жерде мен сен үчүн
кылыч болуп чабылып,
Керек жерде чыркыраган
окко айланып атылам!

## СҮРӨТҮҢДҮ ТҮШҮРӨМ

Баарын таамай түшүнөрмүн
билбейм, балким кечигип,
Күткөнүңдү сапарымдан—
каректериң тешилип.
Бүгүнкү түн меники экен
убай тартпай-мен үчүн,
Уктачы, апа, терметейин—
жылдыздуу түн бешигин.

Ай түнөсүн көктөн түшүп—
бырыш баскан жүзүңө,
Алдей айтып, чочутпайын—
Ай кармаган түшүңөн.
Уктачы, апа, түн сеники—
мыйыгыңдан жылмайып,
Батпас күнгө эгиз кылып—
сүрөтүңдү түшүрөм.

Дарыядай соолбой аккан
жер кыдырып көбүрүп,
Тазалансын ушул түндө —
суудай тунуп көңүлүң.
Жөргөмүштөй уялаган—
санаалардан арылып,
Алчы, апаке, тартуу кылам—
жашоомун бир бөлүгүн?!



Баарын таамай түшүнөрмүн,
билбейм, балким кечигип,
Күткөнүңдү сапарымдан—
каректериң тешилип.
Бүгүнкү түн меники экен
санаа тартпай мен үчүн,
Уктачы, апа, терметейин—
жылдыздуу түн бешигин.

Уктачы, апа, термеп турган—
ушул түндүн күчү мен,
Эгиз кылып өлбөс күнгө
сүрөтүңдү түшүрөм.

## МЕН

Сыр найзадай дайым турган —
бир чекитке кезелип,
Билгенимди койбербеген —
жаш кезимен безери—
Болсом керек, туурабы, апа,
көк бет өжөр мүнөздүү,
Аны бүгүн өзүмдөгү—
ташбоордуктан сеземин.

Кебиң укпай кежирленип,
көп кыйнагам сыягы,
Ушул чынбы кандай эле—
бала чакта кыялым?
Ээн баш окшоймун тебелеген —
эшик төрүң ылгабай,
Муну десең— «өзүм билем»
мүнөзүмдөн туямын.

Чычалабайм, чанбайм бирин,
жамандыгым жерибейм,
Айтып берчи, баарын, баарын,
кандай элем—деги мен.
Чогоол белем чокчондогон,
көпчүлүккө коошпогон,
Калдыгыбы анын, айтор...
жалгыздыкка берилем?

Кечир, апа, тартпай калдым—
атамы да, сени да,
Жаздай жаркын мээриминдин
жок, жок менде теңи да,
Жүрөм сезбей мен деп аккан
өмүрүндүн тамчысын,
Мойнума алам бул да болсо
акылымдын кеми да.

Санай берсем нар көтөргүс
көп го жаман жактарым,
Санаа тартып сен ошого—
баратасың бат карып.
Таш боор мага азап чекпей,
а көрөкчү жаза бер,
Кирпик какпай узун түндө
олтурайын аткарып.

ᐞᐞᐞᐞ

## НАКТА ЖҮРӨК

Накта жүрөк апамдыкы
сезип турган баарын бу,
А меники күнүмдүккө
кыймылдатып жанымды,
Жөнгө салган тирүүлүктө —
денемдин бир бөлүгү,
Кабыл алып, берип турган—
тулку бойго канымды.

Уулун катып кырсык жеткис
жүрөгүнүн түбүнө,
Өзүн тозот апам түптүз—
табияттын жүгүнө.
Алгым келип бүт түйшүгүн
жашоосунан апамдын,
Алданамбы алсыздыкка
уктап калам түнү мен.



Апам беш маал миң жалынып,
амандыгым тиленет,
Турса дейт ал эч бөксөрбөй-
төрүм дагы, ирегем.
Мунун баарын билем дечи,
бирок барбы кайтарым,
Жоопсуз калып ушул суроо—
жүрөгүмдө тиреле т.

Жооп таба албайм жеткиликтүү,
мейли откo сал жанымды,
Менде жүрөк тетик окшойт—
иштеп турган жалындуу.
Баласы үчүн толкуп, ыйлап,
күлүп, сыздап турууучу,
Накта жүрөк апамдыкы—
сыйдыра алган баарын бу.

ᐞᐞᐞᐞ

## АЯЛЗАТ

Чийме кашың жарым айдай
жылдыздарга ыктаган,
Тунук көзүң коюу түндөй
дүйнө балкып уктаган.
Сырдуу гана кайпып өткөн—
көз караштан ченемсиз,
Берген өңдүү туюп жатам—
опол тоодой кут мага.

Ойноок жүрөк түрсүлдөшү—
дүбүрт чалган аргымак,
О аялзат жүзүң сенин—
кечки күндөй албырат.
Ашык болуп ажарыңа —
арзуу ырын ырдап тур,
Бут алдында тебеленип жаткан
жандуу жалбырак.

Болсом керек жалбырактай —
мен дүйнөнүн бүртүгү,
Батпай турам карегинче—
кирпигиңе түртүлүп.
Куйкалады бут боюмду—
таптуу оттун илеби,
Алган белең жамалыңа—
күн нурунан сүртүнүп.

Мейли дечи сыртта калсам,
карегиңе сыйбасам,
Учурашып таанышыңдай,
тууган болуп сыйлашам.
Коркконнум бул кош көзүңдөн —
дүйнө кулап кетчүүдөй,
Ачуу жашка аралашып—
ызаланып ыйласаң.

▲▲▲▲

## КЫЗДАР

Эх, кыздар, кылактаган—
Соң-Көлдүн куусу сенсиң,
Суусаткан жайкы күндө—
кум чөлдүн суусу сенсиң.
Калкылдап калк ичинде
кылымдан-кылым ашкан,
Кызгалдак дирилдеген—
сан элдин туусу сенсиң.

Билинбей көз караштан—
алоосу калыңдаган,
Эх, кыздар, күйгөн отсуң—
жүрөктө жалындаган.
Умсунтуп көп адамды—
тилегин таш каптырып,
Мамыры гүл силерсиңер
кол жетип алынбаган.

Эх, кыздар, бир жылмайып—
жайдары күлүшүңөр,
Акынга ыр жазууда—
кошкон ал үлүшүңөр.



Сыбызгып күндөп-түндөп
жаңырган аба жарып,
Кыздар эй, силер баарың—
ырчынын үнүсүңөр.

Эх, кыздар кылактаган—
Соң-Көлдүн куусу сенсиң,
Суусаткан жайкы күндө—
Кум чөлдүн суусу сенсиң.
Калкылдап калк ичинде
кылымдан-кылым ашкан,
Кызгалдак дирилдеген—
сан элдин туусу сенсиң.

## КЫРГЫЗ КЕЛИНИ

Кызгалдак өңдүү ээрини,
Карлыгач кыргыз келини.
Колуңдан келсе сыйлап өт—
Кайын журт, түшкөн элиңи.

Кайнене, кайын атага,
Кызыңдай кызмат кылып өт.
Ыраазы кылып аларды—
Жаркылдап чайың сунуп өт.

Батасы тийип алардын,
Көгөрсүн тарткан көшөгөң.
Таба гөр уулду азамат,
Эл ишин актап өтөгөн.

Сүйгөнүң менен тең кары—
Элечек обой башыңан.
Каптасын бакыт үйүңдү—
Тартылбас көлдөй ташыган.

▲▲▲▲

## АЯЛЗАТКА БАГЫНУУ

Топук кылбай байлыгыңдын
молдугуна, азына,
Тоодой жыйнап алтын менен
толтурсаң да казына.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №......472943



ХРАНЕНИЕ

Жарымына тең келбестир—
кенүлүндү жашарткан,
Сурма көздүү бийкечтердин—
кылыгына, назына.
Керме каштуу жаркылдаган—
жар болбосо жанында,
Ичиркентип коломтоңдо —
отун калат жагылбай.
О жаш жигит, жылдыз минип—
жашасаң да бийикте,
Өтөм дебе тирүүлүктө—
аялзатка багынбай.

Тагдырымдын бир буйругун—
көрөмүн деп жазгандай,
Шер болсоң да учкан окко—
жүрөк тоскон жазганбай
Кечип даңктан, эр көкүрөк—
баатырдыгың унутуп,
Баш иесиң таазим этип—
сулууларга жаз маңдай.

▲▲▲▲

## ЖАМГЫР ЖАНА КЫЗ

Тоо гүлүндөй жаңы гана
жарып чыкккан чанагын,
Шыбырттаган жамгырга жай
тосуп назик жамалын.
Кыялданып эргий баскан—
кыргызымдын эркеси,
Салмак менен ойго тунуп—
санап барат кадамын.
Ай жүзүнөн, тамагынан—
бир да жигит өбөлек,
Мөлтүрөгөн тунук тамчы—
чоп-чоп этип себелеп.
Коюн ылдый куюлат эй,
бүт денесин жууп өтүп,
Оролушуп балтырына,
бут алдына чөгөлөп.



Кыз жамгырга сезим бүлөп,
калгысы жок бөлүнүп,
Бар тилеги булут көчүп,
кетпесе экен сөгүлүп.
Ак жамгырдан ширелишкен—
тазалыкка секелек,
Элге бир күн кызмат кылар—
ак жамгырдай төгүлүп.

▲▲▲▲

## ЖАЗГЫ ЖАМГЫР

Дыбыраган жазгы жамгыр,
тып-тып тамчы дабышы,
Коштогонсуп тирүүлүктү,
эт жүрөктүн кагышын.
Тамырымды араладыы—
айсыз түндүн биринде,
Өткөөл өмүр элесиндей —
төккөн ак жаан дал ушул.

Тыңшайм, эргийм жамгыр үнүн,
обон кайрып ичимен,
Жуурулушуп тамчыларга—
жерге сиңген ичи кен.
Мен да бир күн барамын дейм —
жер койнуна тамчыдай,
Тып үзүлүп бул өмүрдөн,
бүтпөй калган ишимен.

Жамгыр, жамгыр, себелеген—
элжиретип жанымды,
Сен каалаган жашылдыктын,
жазгы күндүн каны бу.
Мендеги өмүр өтсө гана,
атаганат, жамгырдай,
Эл каалаган ишти бүтөп—
каршы жирен агымды.

▲▲▲▲

## САБА, ЖАМГЫР

Бердим бүгүн көөдөнүмө
кабыл алчу кезекти,
Төгүл, жамгыр алоологон
жалынына өзөктүн?!
Жүрөктөгү таштай катып—
уюп калган кусанын,
Лазер нурдай таамай тийип—
так ортосун көзөп тын.

Аптабына куйкаланып —
куурап калган ызанын,
Көкүрөккө суусундук бер—
үзүп санаа тузагын.
Кан ордуна тамырымда
өйдө төмөн жүгүрүп,
Көңүлүмө таштап кетчи—
бир тамчысын музанын?

Саба, жамгыр, боюм тостум,
сабай бергин дабырап,
Сенин тийген ар тамчыңдан—
жандуу жаштык табы урат.
Кытыгылап чертип турсаң
бүт денеме оролуп,
Шыбыртыңдан алып эргүү,
жан дүйнөм бир жаңырат.

▲▲▲▲

## ЖАМГЫР, ЖОЛДОР, ДАРАК

Ушак айткан топ келиндей—
чогулушуп, каткырып,
Түрмөк булут жылаан куйрук—
чагылган от жактырып.
Тебеленип сансыз бутка—
жыдып түшкөн чачтары,
Тасырайган таз жолдорду—
жамгыр менен жатты уруп.



Чаң аралап, ылай кечкен—
дөңгөлөктөр сөйкөнүп,
Чарт жарылып, какач баскан—
бырыштары өйкөлүп.
Тыпылдаган жамгыр суусу—
тамчыларга жышынып,
Каны каткан байкуш жолдор—
сууга тосот чөйчөгүн.

Чачы түшкөн таз жолдорго—
жамгыр тийсе чачырап,
Тармал чачтуу дарак башын—
ала качып жашырат...

▲▲▲▲

## АК БУЛУТ

Тулпар минген аппак булут—
тизгин кагат, теминет,
Каршы соккон керимселге
жол бошотот, чегинет.
Күчтүү шамал жеткизеби,
жула качып кетеби,
Камчыланган күлүк атын
же жеткизбей чегине?

Чыгалабы аппак булут—
булуттардан иргелип,
Зымырылып туягынан
от чыгарып мингени?
Бере алабы ак жамгырын
тамчысын да коротпой,
Күсөп турган жашыл шибер
көөдөнүнө бир келип?

Тээ түпкүрдө бүлбүл этип
алсыз жанат шам чырак...
Минген атын куулөп алган
аппак булут камчылап.
Жетип барып көтөрөбү—
ал чырактын билигин,
Же төгүлүп ара жолдо—
айланабы тамчыга?

## БУЛУТТАР

Күнгө бышкан середеги
апам жайган куруттай,
Тоого илинип, саландашып—
араң турган булуттар.
Ичте бугуң көңүлүңдөн —
кусалыгың арылсын,
Төгүп ташта бар байлыгың—
ичке сактап буулукпай.

Ызырынган ырайымсыз—
сүрү күчтүү бурганак,
Тоодон бөлүп айдайт азыр—
куйрук жалың жулмалап.
Ыйла, булут, сенсиз жетим—
жердин көркү, ыраңы,
Шамал менен жапырылып—
жашыл түсү сурданат.

Күндөр өтүп гүлдөр соолуп
сулуулуктан бөлүнөт,
Кел булуттар, ошондо да
бул тоолорго чөгүп өт.
Мезгил желдей айдап кетсе—
жолуктурбай силерге
Бизди унутпай, ак булуттар,
көз жашыңды төгүп өт.

▲▲▲▲

## ТҮНКҮ СҮРӨТ

Коюу түндө терезеси,
эшиги бек жабылган,
Кыз мемирейт алп уйкуда—
ак шейшепти жамынган.
Алдей айтып жамгыр төгөт,
жамгыр төгөт себелеп,
Келген булут көктө калкып,
селки ажарын сагынган.



Түптүз келип, сызып көктөн—
терезеге чабылып,
Мажнун болгон ар бир тамчы—
караңгыда ак уруп.
Токтоно албай айнектерге
кылчак артын карашып,
Кулайт жерге балкондогу
жайган кирге чалынып.

Керең түндө супа салган
таңды күтүп зарыгып,
Жашыл аалам, көк шиберге—
маржан болуп тагылып.
Сыбызгыган теребелдин—
назик лира күүлөрүн,
Тыңшайт, тыңшайт шуудурүмдөр
аруулукка малынып.

Атар таң да... көк шиберди—
шуудуратып кыз өтөр,
Назар салар шуудурүмгө,
балким сезбейт түз өтөр.
Кумарланып келбетине—
баскан бийкеч кылыктуу.
А тамчылар сабалышып—
далай түндү күзөтөр.

▲▲▲▲

## ЖАЗДЫН ТҮНКҮ ШАМАЛЫ

Чырак өчүп терезеден,
калган кезде кеч кирип,
Жол шыпырып салпактаган—
шамал ыйлап эчкирип.
Сулуулардын олоң чачын—
тараймын деп салаалап,
Караңгылык адаштырып—
таппай жүрөт эч бирин.

Зуулдаган ышкырыгы—
октой учуп зыркырап,
Кулпуланган эшиктердин—
келип тийип сыртына.
От жүрөктүү жигиттердин—
сынай албай кайратын,
Сынып жатты дубал сүзүп—
талкаланып быркырап...

Ыйлабачы буркан-шаркан—
жаздын жумшак шамалы,
Билем жакшы жалгыздыктан—
оор экенин абалың.
Жашый берсең жеңилгендей—
түн сүрүнөн шолоктоп,
Тунжураган чар тарабың—
карай берет табалуу.
Кир үйүмө, ыйлабачы—
жаз түнүнүн шамалы.

▲▲▲▲

## ТҮНКҮ МАХАБАТ

Мейкиндикте илинген Ай
жаш сулуудай каш кагып,
Жумшак билек ак шоолалар
жаш тоолорго ашталып.
Эх-эй, чиркин! жайдын түнү —
жарашыктуу махабат,
Жар-жар айткан бакалардын—
ыры менен башталып;

Сүйүү вальсын жеңил бийлеп—
чарк айланып көчөдө,
Шарактаган жайдын жели—
келип кирди ,кечеге.
Кылыктанып жеңе болуп—
сүйүүсүнө Жер-Айдын,
Шашкалактап тартып жүрөт—
ак. булуттар көшөгө.



Жеңе жандап топ жылдыздар—
Айга карай ыкташып,
Айрымдары башы шылк деп
калды өңдөнөт укташып...
Тартып алдым бул сүрөттү—
тереңине көңүлдүн,
Турсун деген тилек менен—
кыргыз жерин кут басып.

▲▲▲▲

## МУЗАЛУУ ТҮН

Түн. Муза... шуудураган—
ак жайдын теректери,
Жашкы ырды жараткын деп —
акынга берет демин.
Көрүнбөй желдей жорткон—
бул күндө бышып бүткөн
Алмончок асыл сөзүн—
ал акын, керектегин.

Алтын баш кеткичекти—
кара жер катмарына,
Мөмөсүн өрүкзардын—
төгүлгөн шактарынан.
Сезимдин түпкүрүнө сиңирип,
кайра баштан,
Бал даамын кошуп бергин—
ырыңдын саптарына.

Ырдап кал кайталангыс—
керемет түндүн ырын,
Бул түн да өлөрү чын—
бузулуп турган сыны.
Сынбаты жарашыктуу,
жаратсаң шандуу кайрык,
Төлөгөн болор элен—
музалуу түндүн кунун.

## КЫШКЫ ТҮН

Кышкы түн, селкилердин
чачындай өрүлөсүң,
Кышкы түн, аяк-учсуз
узун жол көрүнөсүң.
Дүйнөнү мемиретип,
гүл тартып тереземе,
Тыпылдап жүрөгүмө—
ыр болуп төгүлөсүң.

Кышкы түн, көөнөрбөгөн
кылымдай туюласың,
Кышкы түн, санаа болуп
сезимге куюласың.
Байкушум калбачы деп
сен жалгыз тирүүлүктө,
Эрмегим болуп менин
кете албай кыйыласың.

Кышкы түн, салмактанып
уюган коргошундай,
Көөшүлүп кучактадың—
сагынган боордошуңдай.
Жадабай жандүйнөмдү
барактап баарын окуп,
Кышкы түн, сырдаш болдуң
түбөлүк жолдошумдай.

▲▲▲▲

## ТҮН КӨШӨГӨ

Мууну катып, түркүн-түркүн—
санаа менен арбашып,
Уйкусу жок карылардын—
талып бүттү жамбашы.
Болду жетет, басырыктай—
кыйнай бербей аларды,
Кезек берип жарыктыкка—
сүрүл түндүн пардасы!



...Балким жигит ак куу кызын—
көз алдынан качырды,
Төшөгүн жууп көз жаш менен,
оонап жерге баш урду.
Түштө качкан сулуусуна—
жетсин жигит өңүндө,
Желаргыга сапырылып—
түн көшөгө ачылгын!

Узун түндө оңуп кеткен—
окшоп кары чачына,
Түргүл, сүрүл түн көшөгө,
ак шоолалар чачыра!
Кадам койгон буурул таңдын—
кесип берип тушоосун,
Тирүүлүктүн майрамына—
чачсын ырым чачыла.

▲▲▲▲

## СААМАЙЫНДАН СЫЛАП ТУРАМ

Жебедей бириндеген кирпиктериң—
Сайылды таамай келип көңүлүмө.
Кыйратып түндүн бекем түркүктөрүн,
Сезимим барат сага төгүлүүгө.

Үлпүлдөк жибек чачың акылыма—
Жайылган белестеги тузак болду.
Жүзүңө шоола болуп чачылуугa—
Түн күзөп, кыял кезет узак жолду.

Алкынган азоо таңдын бир учунан—
Боюмду сага келип кынап турам.
Балкытып көңүлүңдү жаз жытына,
Жел болуп !саамайыңдан сылап турам.

▲▲▲▲

## АК КИЙИК

Кылактаган ак кийиги—
жалама зоо асканын,
Жетпей сага таманымы—
таштар тилип аксадым.
Жарым тамчы махабаттын
ширесине мас кылып,
Баш айлантып сапарымды
туман кылып таштадың.

Балким ушул тагдырыман—
жазылган бир оорудур,
Булак этип сен көрүнсөң—
көзүм күйүп орудум.
Кенен жолго таштап кеткен—
издериңди аздектеп,
Сынын бузуп башка бирөө
баспасын деп корудум.

Жүргөн жериң жел өтпөгөн—
бийик аска, жар тура,
Башым сайып маакул болом—
койгон бардык шартыңа.
Суранарым бул изиңди
басып өтүп жаңылап,
Кылчайып өт дагы бир жол
кайтып келип артыңа.

▲▲▲▲

## ШАМ ЧЫРАГЫМ

Жашоо демин камчыланып,
Мезгил өтсө алчыланып.
Сезимдеги өчпөс оттой,
Жаштыгымдын тамчылары,
Сен деп агат, садагасы,
Жан дүйнөмдүн шам чырагы.

Өмүрүмдүн тамчыларын,
Тамырыңа камтып алып,



Шоола болуп төгүлө бер,
Таң Чолпондой жанчы жарык.
Түбөлүктүү мандайымда,
Шам чырагым, жанчы жарык.

Тирүүлүктүн жыл, айында,
Көңүл чөкпөй убайымга.
Кубулбөсүн сымбатыңдан,
Сулуулугуң чырайыңдан,
Шам чырагым, жаркырачы,
Тунук Айдын жубайындай.

▲▲▲▲

## КАРА КӨЗҮМ

Жазгы жаан сабалаган—
төгүлүп көктөн тынбай,
Түнөргөн өлүк күндөр—
самсаалап сансыз жылдай...
Созулуп мүнөттөрү...
кусадар акын келет,
Кең дүйнө кучагына—
кысылып жаны сыйбай.

Терметип түн бешигин—
сүйүүнүн ырын ырдайт,
Коңур үн желге ыргалып—
чертилет жумшак кылдай.
Замандаш, бирде толкуп,
тартылган дарыядай,
Акындын ырын уксаң—
шат чыгат, тынат, ыйлайт.

Акынга орток асман,
ыргакка шерик булут,
Жашыйт-ов чыдай албай—
муңканган үнүн угуп.
Заман эй, мынча тарып,
мелтиреп кебелбейсиң,
Бекитип кулагыңды,
көргүң жок көзүң жумуп.

Мейли сен укпа, көрбө,
ал деген сенин ишиң,
Ааламды солкулдаткан—
сезбегин ырдын күчүн.
Бактысы таш чөйчөккө
куюлуп кайнаса да,
Кубулжуйт акын ыры—
үзүлбөй калып бүтүн.

Жарыктык өчүрсө да—
жашоодон эгер өзүн,
Акындын жүрөгүндө—
жашаган жалгыз сезим:
«Бактымды жалгыз сага—
арнадым белек кылып,
Мен жетпес бийиктикте—
өзүң бол, кара көзүм!»

▲▲▲▲

## ЫРГА АЗЫК

Албырып акын жүзү—
ашыктык ырын ырдайт.
Жашыл бак шуудуратып,
колун чаап, башын ыргайт.
О кандай керемет ыр—
топ болуп торгой кулап,
Кулагын түрүп асман,
күн токтоп калды жылбай.

Жаңырган тааныш добуш—
теребел кучагында,
Айтылып бир кыз аты—
ырдын ар бутагында.
Сыбызгы күчөп барат—
чыйралып дүйнө кезип,
Бир тамчы сүт издеген—
ак жайдын Сутагындай.

Сахнада чимирилип—
жазгы жел бийлейт, желет,
Жаңырат акын үнү,
от болуп күйгөн дене.



Ал көрбөйт, укпайт, чиркин—
ааламдын кызыктарын,
Сормодой аны тарткан—
махабат түпсүз бел?

Карекке чагылышкан—
сулуусу Алтын Казык,
Тырс чертип терезесин,
киргенсийт эшик ачып.
Көрүнгөн ушул элес,
бүлбүлдөп жанган үмүт,
Өлбөстүн дарысындай—
акындын ырына азык.

▲▲▲▲

## КҮҮНҮ ЧЕРТИП БАРАМЫН

Тааныш көчө ... кыздар жүрөт—
каркырадай тизилип
Жердин башын ое басып,
кылыктанып сузулуп.
Маанайым пас келем жалгыз —
ал кыздардын артынан,
Күңгүрөнүп комуз өңдүү—
кылы калган үзүлүп.

Сен да өтөсүң ушул жолдон —
жалгыз, жигит, кыз менен,
Бирдей шайыр, айрым күнү—
санаа тарткан жүз менен.
Ток тепкендей зырп-зырп этип,
кадимкидей билгизет,
Кош таманым бaратканын—
сен калтырган из менен.

Абалымды түшүн, мейли,
шылдың кылып карагын,
Чаң жугузбай туудай тутуп—
тамчы жүздүү жамалың.

Жүрөгүмдүн тереңинде—
бир өзүңө арналган,
Күүнү чертип өмүрүмдүн—
өрүн көздөй барамын.

▲▲▲▲

## СУЛУУГА

Акын даңктап ырдабаса—
мүчөлөрүң, келбетиң,
Утурумдук эки бетте—
жанып турган берметиң.
Өткөн мезгил, о азгырык—
бырыш берип энчиңе,
Тартып алат оргуштаган—
жаштыгыңдын шербетин.
Утурумдук эки бетте—
жанып турган берметиң.
Четке какпа ырчы ышкысын
текебердүү сүзүлүп,
Атың калсын алмончоктой
ыр сабында тизилип.
Доордон-доорго ободогон—
калса жалгыз ыр калат,
Биз кетебиз тирүүлүктүн
чынжырынан үзүлүп.
Четке какпа ырчы ышкысын
текебердүү сүзүлүп.
Болсо күчү акындардын—
шаанисинде Чыгыштын,
Чырагыңды өчпөс кылып
ырга кошуп чыгышсын.
Кезегинде мүрөк болуп,
көпчүлүктү суусаткан,
Чырайыңдын көркүн бузбай—
элге тартуу кылышсын.
Болсо күчү акындардын—
шаанисинде Чыгыштын.

Кеткен кезде алтын башың—
өмүр деген кырды ашып,
Аңыз кылсын кийинки муун—
сулуулугуң ырдашып.



## КЫЯК

Көөдөн керип дүкүлдөгөн—
жүрөк кагыш сыяктуу,
Мажнун акын сызгырылтып—
коштоп ырдайт кыякты.
Үргүлөгөн жаз гүлдөрү—
кулактарын жапырып,
Кереметин коңур үндүн
качан барып туят бу...
Сыздаган үн мөлтүрөгөн—
сыгып ысык тамчыны,
Ыр тамчынын оор жүгүнө—
түн булчуңу жанчылып.
Улутунуп карсктерин—
бурат чыгыш тарапка,
Келсе экен деп зарыктырбай—
тоо кырынан таң чыгып.
Түн бузулду... тыйылбады,
бирок акын кыягы,
Ырдабаса мобул арман —
жүрөгүнө сыябы?
Бул ыргактын күчү менен
термелишип акырын,
Тоо-талаалар сүйүү өртүн
сезип жатат сыягы.

▲▲▲▲

## БОЗ ЧЫМЧЫГЫМ

Эки торгой алым сабак
ырдап учса абалап,
Рахаттуу ыргалышып —
жашыл шибер талаада.
Шоросу таамп, көзү күйүп—
Күн кылчаймак артына,
Бычак кырдуу тоо башына—
ээгин сүйөп сагалап.
Эки торгой алым сабак
ырдап учса абалап.

Турба тымып, боз чымчыгым,
күүлө болгун канатты,
Төк жүрөктөн сыр аякка —
толгон сүйүү санатты.
Кош бөйрөгүн түшүрө тээп —
момураган жүрүштүн,
Сапарына шериктеш бол—
калдыркан жаш канаттын.
Турба тымып, боз чымчыгым,
күүлө болгун канатты.

▲▲▲▲

## МАЖҮРҮМ ТАЛ

Жаз эле, мажүрүм тал—
салаалап чачын өргөн,
Сайрачу ошол бакта —
бир булбул эрте келген.
Булбулдун мукам үнүн жактырбай—
мажүрүм тал,
Көңүлү азгырылчу керимсел,
жумшак желге.

Убакыт өттү закым...
кулакка үнү жатык,
Алыстап булбул кетти—
сайрабай тили катып.
Суйсалат мажүрүм тал—
дагы эле келбетинде,
Көргөндүн көзү күйүп,
көрсөм деп даамын татып.

Сайрады далай куштар—
ыр кылып көрктүү талды.
Жакпады бир да бири...
кетишти арга барбы.
А мезгил чарк айланып—
чырайын жууп салган,
Кечээки мажүрүм тал—
сумсайып жалгыз калды.



## БИЗ ЭКӨӨБҮЗ

Биз экөөбүз тоонун эки салаасы,
Желип өтүп, жел ойногон арасын.
Мекенибиз ыйлап учкан күкүктүн,
Таппай издеп сагынычтын дабасын.

Дүрбүлөсөң көрүнбөгөн караанын,
Сен дүйнөнүн сулуу чыгыш тарабы.
Булуттарды кызыл түскө боёгон,
Мен батышмын коңк канаттан жаралуу.

Арышында мезгилдердин оолуккан,
Жол кезикпес кайчыланып жолуккан.
Эми бизге пайдасы жок ызанын,
Капаланып жүрөгүңдү оорутпа.

Качандыр бир болуп өткөн жоруктай,
Картаярбыз бул өмүрдөн жолукпай.

▲▲▲▲

## КӨЛӨЧТӨЙСҮҢ

**аягы суюк сулууга**

Жактырбай жигиттерди муйрүң этип,
Эй, сулуу, кербезденген көзүн сүзүп.
Соодагер сатып жаткан көлөчтөйсүң,
Тартышып көтөрөм деп баага түзүк.

Сулууну кимдер каалап сүйлөбөгөн,
Көз кысып, чайлашалы жүр дебеген.
Жүзүңдө ажар барда, чырай барда,
Турбаган кандай жигит сага белен.

Кайтартып күзөтчүдөй астананы,
Көлөчтү ким кийбеген, сүйрөбөгөн?
Апкытын жара басып, тарпы калбай,
Ашыра таштагыча күл дөбөдөн...

## КҮКҮК ҮНҮ

Бакчада сайраган күнүгө,
Арбалам күкүктүн үнүнө.
Арманы, көз жашы туюлат,
Жетчүдөй бул дүйнө түбүнө.
Жашыган бак-дарак үшкүрүп,
Шуударап баш иет бүгүлө.
Бир гана тынч койбой тентектер—
Таш-кесек алышат жүгүрө.
Куугандай капаны дүйнөдөн—
Кытылдап каткырып сүйүнө.
Бел байлап аттанган өндөнүп—
Турмуштун келерки жүгүнө.
Балдардын оюну бир кызык,
Бир кызык өзүнчө дүнүйө!

Жүрөгү ызага жык толуп,
Жалгыздык өмүрдөн бук болуп.
Үн салып отурар күкүктүн—
Жыл сайын айланып бир конуп.
Күйүтүн бөлүшөр муңайып—
Мекени ушул бак, бул корук.
Таш-кесек урганы балдардын —
Тал чыбык ат минип шоктонуп.
Чымынча сезилбей муңаят,
Бүт дене жалындап от болуп.
Арман, ый алыска угулат—
Тоо-ташка урунуп ок болуп.
Зейнеби сезеби алыста—
Ый болуп жатканын жоктолуп?..

## ИТ ЖӨНҮНДӨ

Мобул ит жүнү даакы,
салбырап жүргөн дөбөт,
Билгенге абдан кызык,
бирде ит, бирде бөбөк.
Ээсинин жүрүшү укмуш—
ачкылга алдырганда—
Мураскор сенсиң—дейт да,
жулмалап жыттайт, өбөт.



Кыңшылап жан тарткансып—
кожоюн түшсө кулап,
Тикенек сакалынан,
бетинен жалап турат.
Ак көбүк кусундусу—
адамдын атылганда,
Ачуу жыт баш айлантып—
бул иттин мурдуна урат.

Кантсе да ит эмеспи—
курундай окшуп алып,
Кара суу шилекейи—
оозунан турат агып.
Өл дейби адам болбой—
жылжыйт ал короосунан,
кароосуз кожоюнун —
калтырып башын салып.

Жаңылык эмес бул иш—
мындайды күндө көрөт,
Жогол—деп ээси кээде—
таш-кесек алып сөгөт.
Ит экен чыдап жүрөт—
кожоюн кылганына,
Андыктан жүнү даакы—
жүдөмүш мобул дөбөт.

## МУЗЫКА

Чимирилип жумшак ыргак...
музыкалык айлана,
Алып барат оор жүктөрдү
көңүлдөрдөн жай гана.
Эрги курдаш, музыканын
ширесине каныл кал,
Укмаксанга салып аны,
олтурбачы кайман а.

Аба жарып шоокуму күч —
толкуган бар тарабым,
Музыкадан окуп жатам—
бүт тарыхтын барагын.

Тоскоол болбо, жолун тосуп —
шаңшый берсин жаңырып,
Жадасаң сен музыкадан
олтур алыс бар ары.

Жазгы күндүн ак жаанындай —
узак жааган майдалап,
Чаң чыгарып мейкиндикте—
музыкалык айлана.
Заманымдын кубанычын,
көз жашын да сиңирген,
Жетеленем ыргагына,
кайрыгына байланам.
Башка чапсаң мейли мени,
тыюу салып баспагын,
Кулагымда агып турсун—
музыкалык жакшы агым!

▲▲▲▲

## КОМУЗ

Кетти сыны басыгынан—
суу төгүлгүс жоргобуз,
Көпчүлүктүн сабыры суз,
татаал таштак жолдобуз.
Самсаалаган бул күндөрдү—
үч кылыңа сыйдырып
Коңур чыккан доошуң менен
кайрып алчы, бол комуз.

Каны качып, сары суугa —
толду белем толтобуз,
Кайрымы жок дос-тууғандан
муздап барат ортобуз.
Күүгө келчи бүт элиңди
ар-намыска чакырып,
Жаш жүрөктүн деми менен —
кана эмесе, бол комуз.



Алган беле жетегине —
кур кыйкырык жүгөндөп,
Чечендер көп ооз көптүргөн—
пайдасы жок сүрөөнгө.
Бир ууч кыргыз ыркы кетип,
бара жатат бириндеп,
Кайрып алчы—биримдикке
бол, комузум, түгөлдөп.

Аралады арабызды—
албуут шамал көбүрүп,
Тарых башка, кечээкинин —
тигиштери сөгүлүп.
Тартышчылык — жалпы журтту —
кысып барат,комузум,
Ыйла, мункан, көздөн аккан—
ысык жаштай төгүлүп.

Жашоо кыйын, уйку качып,
күчөп барат онтообуз,
Эртеңки күн кандай болот ...
ойлоодон да коркобуз.
Чырагына май тамызып—
үзүлбөгөн үмүттүн,
Келечектен жакшы кабар —
айтып берчи,бол комуз.

▲▲▲▲

## МЕНИН ДООРУМ

Утурумдук пайдага деп—
жакынына карабай,
Байлык, бийлик, тар дүйнөгө—
кара жанды сабаган.
Менин доорум — ооздугу жок —
азоо атка чегилген,
Буроолору түшкөн бошоп,
кыйчылдаган араба.

Талаш менен жыйынтыксыз —
күн кечкирип таң аткан,
Мажилистер ... кур убада
бүттү айланып адагка.

Кургак кептин арыш керип —
кууго келди арымы,
Менин доорум түптөлгөндөй—
жалаң сөздөн жадатма.

Барды го дейм кыл учуна—
зөөкүрлүктүн арааны,
Абдан жеңил—дүйнөң болсо—
ак кылуу да караны.
Менин доорум—пулуң болсо,
кулуң болом—дегендин,
Менин доорум — кызыл кулак,
мансаптуунун заманы.

Тартып барат эчен доорду—
мезгил учкул аргымак,
Артындагы араң жүргөн—
эски араба шалдырак.
Менин доорум—оңго жүрсө
жетээр балким бийикке,
Солго жүрсө мезгил аны
күүлөп барып жарга урат.

▲▲▲▲

## ЖАКШЫ КАБАР

...Тарых ошол, бирде бийик,
бир тартылып тынығат,
Жаман жакшы барактары —
өзгөрүлөт, кубулат.
Бүгүн өктөм сүйлөгөндүн
утурумдук жашоосу,
Узак эмес, эртең эле —
туусу кулап жыгылат.

Кымбатчылык куш ордуна
конуп турган туурунда,
О, кыргызым, чыйрыкпачы—
ызгаары күч жылыңа.

Келет кезек сага дагы—
капшытыңды толтурган,
Бейиш күнү, кененчилик—
сүт, май толгон чыныңа.



Жол бошотпойт убакыттар —
кайра артыңа кайтууга,
Мезгил келет ак өргөөңө—
күн уялап, ай тууган.
Мен жөнөкөй кыргыз уулу—
көз ачыктан эмесмин,
Айбыкбаймын, бирок мындай
жакшы кабар айтуудан.

Наалат айтып кечээкиге,
кейип-кепчип бүгүнгө,
Куурабайлы жүрөксүткөн —
кур санаанын түбүндө.
Кел, кыргызым, түзөлүчү—
эртеңкинин картасын,
Узун таштап көз караштьы—
келечектен түңүлбөй.

▲▲▲▲

## СОГУШ АЙТАТ

Атым жаман эч бир адам оозго албас,
Көргөн күнүм кызыл кыргын, чоң кармаш.
Каңырсык жыт... жерди жалмап кызыл өрт,
Жан кыйналуу, онтоо, өлүм жан далбас.
Көргөн күнүм кызыл кыргын, чоң кармаш.

Келген адам майданымдын четине,
Туш болору чындык өлүм өртүнө.
Наалат айтып, муштум түйүп сөгүнүп,
Түкүрүнүп кетет менин бетиме.
Келген адам майданымдын четине.

Жок адамзат, тыңша, мени кектебе,
Өлүм сүйгөн согушсуң деп жектебе?!
Кетээр элем келбес жайга түбөлүк,
Адам мени алып чыгат эскере.
Жок адамзат, согушсуң деп кектебе?

Адампендем абдан кыска акылы,
Туу көтөрүп кайталатып атымы.
Тынчтык күнүн булунтүшөт ар убак,
Бейпил күнгө түн түшүрүп акыры.
Туу көтөрүп кайталатып-атымы.

Баш адашып өлүм, онтоо, жарааттан,
Кара кийип, кайгы менен таң аткан.
Жок болсо экен канкор, жырткыч, кан ичкич,
Мени зордоп жер бетине тараткан.
Азалуу күн кайгы менен таң аткан.

▲▲▲▲

## КАРЫЛАР ТЕБЕЛЕНЕТ

Автобус. Калкыган эл,
карылар тебеленет...
Дүкөндө кезек күткөн—
бир кемпир чебеленет.
Күпүлдөп боз уландар
чекеге сүрүп салган.
Жете албай нанга жашы—
көзүнөн тегеренет

Ал байкуш кемпир эле—
неберем, балам деген,
О мени кудай алсын,
силерди багам деген.
Урматын улуу тутуп—
адамдык ариеттин,
Өчүрбөй коломтодон—
отумду жагам деген.

Солкулдайт кары кемпир,
жер көчөт, тегеренет,
Адамдар, кагылайын —
пейлиңер кенен эле!
Бабалар «Элге мүшкүл —
түшөөрдө заман тартып,
Бузулат адам пейли,
бузулат»—деген эле.

Буттубу кенендиги —
түгөнүп пейлибиздин,
Карыга карабайлы,
айткыла дейли биз ким?!



Көгөрбөйт чырпыктары —
куураса дарак түбү,
Дарагы болсун тоонун,
суу жүргөн мейли түздүн.

Автобус. Калкыган эл
карылар тебеленет.
Дүкөндө кезек күткөн—
бир кемпир чебеленет.
Күпүлдөп боз уландар
чекеге сүрүп салды,
Жете албай нанга жашы
көзүнөн тегеренет.

▲▲▲▲

## КЕЛЕТ КАРЫ

Темирдей катып олтурган ээрге,
Келатат кары-мингени жээрде.
Коргошун өңдүү муюган ойго,
Сылатып сакал—нaристе желге.

Көтөрбөй башын ат жалын карап,
Кош көздөн тынбай шоросу тамат.
Суулугун чайнап бараткан аты,
Карынын досу, карыга канат.

Көөшүлгөн ойго түбү жок сансыз,
Бараткан кары, аты да жалгыз.
Курдаштар кеткен кайрылгыс жолго,
Кезсең да дүйнө таап бара алыс.

Жапжашыл аалам жашарган айда,
Дебегин ойлуу жөнөгөн кайда?
Жайлоого барат курдашын жоктоп,
Жаштыгын издеп жоготкон жайга.

Темирдей катып олтурган ээрге,
Сылатып сакал нaристе желге.
Баратат караан сапарын улап,
Мингени кары-баягы жээрде.

## ЖАШТЫК

Жаштык шарап куюлган,
Көз уялткан кумура.
Махабатка мас кылып,
Каухар болуп кубулат.

Мезгил өтүп, мөлт этип,
Шарап түшөт төгүлүп.
Санаа кетип туш-тушка,
Тигиштери сөгүлүп.
Сайгылашып эт жүрөк,
Салмактанат көңүлүң.

Сынбай алтын кумура,
Урпагыңа сунулуп,
Карт көңүлдү жибитер,
Шыңгыр доошу угулуп.

Кыз-жигиттин күлкүсү,
Бабалардын белеги.
Ойноп калсын ар бир жан,
Жаштыгында ченелүү.

Өкүнсө да о кийин,
Өткөн өмүр келеби?
Тек келтирбе, жан досум,
Карылардын белегин.

Аяр карма чөйчөктү,
Сен да мурас кыласың
Жаштык деген салтты бул,
Кийинки муун уласын.

Деген тилек ой менен,
Өзүң четке чыгасың.
Чөйчөгүңдү бербесең,
Өз муунуңа ккелбесең—

Колдон түшкөн чөйчөктөй,
Быркыранып сынасың.
Мезгил өтсө талашпа,
Жаштар ойноп дууласын.



## АБЫШКА

Карылыктан түркүн илдет,
түпсүз санаа жабышкан,
Таяк сүйрөп жолдо жалгыз —
келе жатты абышка.
Жол ортосу ... селт чочутуп—
олжо күткөн суржылаан,
Четтей берди, даап бара албай—
Кары адамды чагышка
Андан өтүп, баскан кезде—
барар жолдун жарымын,
Алдан тайды пардаланып
кош көзүнүн жарыгы.
Салмак таштап таягына—
талыкшыган эки бут,
Жылбай калды, түк ордунан —
жылбай калды арымы.
Таңдай катып, батташкансып—
жел өткөрбөй алкымы,
Жамбаштады жол жээгине
араң жетип талпынып.
Көмөкөйдө күңгүрөнүп—
суу сураган алсыз үн,
Укпаса да эч бир адам
аба жарып калкыды.
Угуп үндү уюгунда—
уусу күчтүү аарылар,
Уусун таштап, суу артынып
шашылышты карыга.
Бал аралаш суу тамызып—
таңдайына тынымсыз,
Эс алдырды абышканы—
балы менен дарылап.
Кагыштырып үзөңгүнү—
өмүр жолу ордошкон,
Эчендеген өттү адамдар—
көрсө дагы көрмөксөн.
Деген өңдүү: «Кууураган чал,
жатсаң болмок үйүңдө,
Эми мынтип... арганың барбы—
тагдырыңа көнбөскө».

## АБИТУРИЕНТ

Дүкө-дүк, дүкө-дүкө—
жүрөктүн кагыштары,
Паравоз келаткандай—
жүк тартып алыстагы,
Элирип өрөпкүгөн—
кыз-жигит ашыгышат
Тай сымак бара жаткан—
алгачкы жарыштагы.

Зарыгып жолун карап—
сүрөгөн саяпкери,
Акактап күнгө күйүп,
чыпылдап агат тери.
Өтчүүдөй кыяматтын—
көпүрө кылдарынан,
Апкаарып тай күлүктөр
сыноого баратты эми.

Аз калды...мына...мына—
нөөмөттөп сыналууга,
Күч алып соккон жүрөк—
кан тамыр чыңалууга.
Өкчөлүп тагдырынан—
алчы-таа, пөк-чик турмай,
Алдыда капалануу,
алдыда кубануулар.

▲▲▲▲

## ТАГДЫР

Ураган дубалы,
чөп баскан короодо.
Эски там алдында—
кусалуу карыя.
Күнөстөп олтурат
мусаапыр канетсин,
Деп ойлоп-ичер суум
бар канча дагы-да?..
Эски там алдында—
кусалуу карыя.



О тагдыр бул киши
ким эле кезинде,
Колунда амал бар,
бийликте жүргөндө?
Көтөрүп алчуудай—
колуңа көпчүлүк,
«Аксакал» аташып
жүргөнү эсимде.
Кадырлуу жан эле—
бул адам кезинде.

Жамандык—жакшылык
башында туруучу,
Иргелбей сиз дешип—
жашы да улуусу.
Нечен кур сый көрүп,
даам татып колунан,
Туура таап айтканын,
кеңешин угуучу.
Сиз дешип иргелбей—
жашы да улуусу.

Базардай бапырап —
чубуруп эл деген,
Ак жолтой бул үйдө—
самоордо чай белен.
Дүйнөнүн кемтиги —
билинбей—кылчалык,
Күн өтүп, таң атчу —
жайы—кыш шаң менен.
Базардай бапырап,
чубуруп-эл деген.

Бийликтен бошонуп,
аксакал карганда,
А мынтип, билектен—
каруу күч тайганда.
Кут кетип үйүнөн—
өткөндүн бири жок,
Күн санап олтурат—
алдырып арманга.
Бийликтен бошонуп,
каруу күч тайганда.

## БАЛЫК

Ак балыкты—суудa жүргөн—
колго илинбей бултактап,
Ажал алды чыккыс кылып —
тумшугунан кылтактап.
Тамчы көзү оттой жанып —
айбат кылып ажалга,
Чабалактап бар күчүнчө —
карайт көлүн кылчактап.
Болбогондой бүгүн мында—
эч өзгөрүү, жаңылык,
Көрдү көлүн күзгүлөнгөн
толкундарды тагынып.
Жашыл жээктин чачын сылап,
тийип качып эркелеп,
Жыгылганын көрдү кулап—
кемтик жарга чачылып.
Бар көргөнү ошол болду...
эки көзү тунарып,
Тумандады бүткүл аалам —
болуп чексиз мунарык...
Очоктогу от жалаган—
табы күчтүү казанга,
Көл төгүлүп балык менен —
түшкөнсүдү куланып.

▲▲▲▲

## ӨМҮР ЖӨНҮНДӨ

Бошоп түбү кайберендин—
туягынан чубаган.
Оморулуп улуу тоодон —
төмөн карай кулаган.
Өмүр деген көз уялтып —
жаркыраган мармар таш,
Тийген жери бүтпөс болуп,
майдаланып ураган.
Чакмак чагып из калтырып,
аскаларга урунуп,
Жер жаңыртып күүлдөгөн—
сүрдүү доошу угулуп.



Күүлөнгөн таш түптүз сызат—
кылчаюга дарман жок,
Чаң ызгытып чимирилип—
октой учуп жулунуп.
Акыр-чикир таштандыны —
кечип өтүп сапырып,
Зыргып барат көк майсанды
эпкин менен жапырып.
Тегиздикке жетпей чарчап —
түгөнгөндө сапары,
Күп дей түшүп талкаланат—
күм-жам болуп акыры.

▲▲▲▲

## ТАРТКЫЧАКТЫ СҮРӨТКЕР

Сыны кетип чаңда калган—
шиңгилиндей жүзүмдүн,
О карындаш, ойлоп нени,
улутунуп сүзүлдүң?
Шыңгыр күлүп, кылыктанып—
көкүрөктү керип кой,
Күйкалансын жигит көөнү—
аптабына жүзүңдүн...
Кезегинен эрте соолтуп —
жаңы ачылган гүлүңдү,
Майышпа, дос, кежирленип—
булгап таза дилминди.
Кайратыңдан ажал качып—
сүйүү түнөп жүрөккө,
Жылаң аяк—отту кечип,
жалп өчүрөр күнүң бул.
Койчу жеңе, ыйлабачы,
эбиң менен шолокто,
Үйүң күйгүр—бүгүн жоктун
эртең орду толот го.
Төшү түктүү жердин үстүн —
басып жүрүү рахат,
Айтып бүткүс керемети —
ал жашоонун жомоктой.

Олтурбачы, о жан ага—
жерди чукуп үңкүйүп,
Кан жүгүргөн жүрөгүңө—
кычыраган кум түйүп.
Тирүүлүктүн шардабына—
сүрөп турган ушудур,
Чагылышып карегиңе—
мандайыңдан күн тийип.

Жандуу кылып тарткычакты—
бул сүрөттү сүрөткер,
Күүсү токтоп, таштай катып—
дирилдеген жүрөктөр.
Тунжуратып ошол замат—
алыстатып жарыктан,
Каректерге өчкөн нуру—
турпак таштайт күрөктөр.

▲▲▲▲

## ШОФЕР

Чаң ызгытып дөңгөлөктөн—
шаар, талаанын жолунда,
Автоунаа...акмалаган—
ажал анын соңунда.
Шофер байке, билесиңби,
эмне кылсаң өз ишиң,
Бара жатат тагдырыбыз—
азыр сенин колуңда.
Чаң ызгыткан машинаңдын
ажал келет соңунда.

Майга баткан кара колдун
кылган иши билинбей,
Жүргөн менен күнүмдүктө—
көп адамдын бириндей.
Ыман учкан кыя жолдо—
бара жатсаң жайдары,
Көрүнөсүң көзгө даана—
жарык күндүн пириндей.
Жүргөн менен күнүмдүктө—
көп адамдын бириндей.



Кызматыңды ким көбөдү—
жакшылардан, жамандан,
Кызматыңды көрдү баары—
иниң, эжең, агаң да.
Шофер байке, азыр дагы —
жол тартканы турасың,
Тилек кылам ак жол сага,
маакул анда аман бар.
Кызматыңды көрө берсин—
жакшы адамдар, жамандар.

Чаң ызгытып дөңгөлөктөн—
шаар, талаанын жолунда,
Автоунаа...акмалаган—
ажал анын соңунда.
Шофёр байке, билесиңби
эмне кылсаң өз ишиң,
Бараткандыр да бир тагдыр—
азыр сенин колуңда.
Чаңын жутуп машинаңын—
ажал ээрчип соңунда...

▲▲▲▲

## АКЫН ЖӨНҮНДӨ

Чыгаан акын чыңга жакын,
көңүл кемин толтурат,
Чабал акын чырга жакын,
кур мансапка кол сунат.
Кагыштырып бирди-экиге,
жарытылуу сөз таппай,
Башын кашып, көк түтүндө—
чылым тартып олтурат.

Күчтүү акын күүлөп атын,
кетет алыс атылып,
Алсыз акын башы катып,
тапкан сабы чачылып.
Жазгандары халтурабы...
ай, ким билет, ким билет,
Чайхананын көк чайындай—
жок ырынын татымы.

Залкар акын тунук акыл,
айтат элге насыят,
Начар акын жазгандары
утурумдук насыя.
Жакшы акындын тапкан ыры
көзү өткөндө гүлдөсө,
Чабалдыкы басырылып,
чаң алдында акыят.

▲▲▲

## АКЫН ПАРЗЫ

Ээндикте калганыңда—
толкуну жок деңиздей,
Мезгил кашан, араң жылат—
кадамдарын майдалап.
Сезим курчуп турган чакта—
сайгак тийген өгүздөй,
Көздөн кайып зыргып кетет—
туңгуюкка айда бат.

Сен мезгилге сараң болуп,
дүрмөттөлүп карагын,
Толбойт сезим бир бөксөрсө—
мелтилдеген жанагы.
Келгин куштай кайтып жаткан—
убакытты мерчемдеп,
Бардан жокко кеткичекти—
атып кал бир танабын.

Таамай мээле, жаза басып—
ээн талаага атылба,
Ташка тийип бириндеген—
бытырадай чачылба.
Өз дooруна из калтыруу—
октой өткүр сөз менен,
Тапшырылган улуу парыз—
ар бир тирүү акынга.



Азгырылсаң шайтанына —
тирүүлүктүн сен эгер,
Чүлүк салып мурунуңа—
оңго-солго жетелээр.
Күнүмдүккө жетеленип—
жараткыча арсыз сап,
Кагаз, калем куралыңды
өрттөп таштап кете бер.

▲▲▲

## АКЫН РУХУ

Бүгүн жашсың, билип турам—
от кечүүгө даярсың,
Мезгил өтүп...муунуң бошоп,
кайратыңдан таярсың.
О, ошондо оролушуп,
жарым мүнөт кетпеген,
Акын дили эске келсе —
бир чыйрыгып аярсың.

Биз бараткан тагдыр жолу—
көк кайкы муз тайгалак,
Набыт болсо акын жаны—
жер алдына жайгарат.
Жапжаш бойдон тирүү калган,
бирок анын руху,
Кылымдардын бүктөмүнөн—
бүктөмүнө жай барат.

Караңгылык түпкүрүнөн—
ырга айланып кубулуп,
Кыз-жигиттин жүрөгүнө—
тамчылатып жылуулук.
Урпактардын жашоосунун
боло бермек күбөсү,
Сүйүшкөндөр колунан өөп,
белек болуп сунулуп.

▲▲▲

## ТӨРТ САПАРГА - ТӨРТ САП ЫР

Шаштырып шукшурулган
саат жебе, канаттары.
Жүрүшүм күндөгүдөй
басыгым адаттагы.
Келетам кенен жолдо—
күнүмдүк ишке алаксып,
Ыдырап бүт сөгүлгөн—
оюмдун танаптары.

Энчиби кайчы пикир—
адамзат баласына,
Жык толгон автосалон—
саясат талашына...
Капталдан түртүп досум,
капилет көргүн деди,
Жымшык көз наристесин—
чулгоонун арасынан.

Колун бек кысып достун,
оролгон бөбөк мурдун—
Чымчып өөп өмүрлүү бол —
тилегим айтып турдум...
Жыцалач ороп койгон—
кызыл эт чукуранып,
Жылжытып ак шейшепке —
булактын суусун бурду...

Жолумду улап келем,
жумушка андан ары,
Жыя албай сапырылган —
сынык ой калгандарын...
Бет мандай келе жатат—
кошунам ак калпакчан,
Ак көйнөк, ак жоолукчан—
колтуктап алган жары.

Түз эле жүргүн дешет—
үйлөнүү үлпөтүнө,
«Көңүл ач көз болгончо—
тоюбуз бир четине.»



Ынандым жумуштан сон—
баруугa чын дилимден,
Ак тойго кызмат кылуу—
парзым деп бир чети мен...

Жумушка жаңы келсем—
катчы кыз кагаз сунат,
Бүктөөсүн жазып ийдим—
эч кимден турбай сурап.
«Курбундун бул дүйнөдөн—
атасы өтүп кетти,
Тез келгин,»—деген жазуу
чок болуп күйүп турат...?

Чыркырап байкуш курбум
аталап күйөт, жанат,
Муңдуу үн зар какшаган—
ааламды көзөп барат...
Ак кепин, ага оролгон—
кубарган жансыз дене,
Көмүлдү жер алдына...
тирүүлөр кеттик тарап.

Келатам үйгө карай—
тойго да баралбадым,
Адамга ойлоп келем—
үч сапар жаралганын...
Оюмдун акырына—
чыгарбай жол жээгинен,
Көз чалды өлүү-тирүү—
бир мастын араң жанын.

Жоокердей ок жаңылып—
кулаган кыргында аттан,
Ачылып уят жери—
ылайга башы баткан...
Асманы түшүп кетсе—
сезээрге дарманы жок,
Түгөнгүр, пендеби деймн—
кудайдан шымсыз качкан.

Кароого дитим барбай
узадым ичиркенип,
Түйүлүп муштумдарым,
сөгүнөм күчүркөнүп:
Жашоодон тажап такыр—
о дүйнө шашкан сага,
Адамзат тукуму эмес,
болбосун итим шерик!

▲▲▲▲

## ТЕЛЕФОН

Тешип өтүп жүрөгүнөн—
тыптынч түндү чыркырап,
Үзүк үндөр коштоп аны:
Ал-ло!..Ал-ло!-тумчугат.
— Тынчылыкпы?!. Эмне дейсиң?!.
жанга түштү дүрбөлөң,
Калчылдап муун, өң кубарып,
кулак тунуп чуркурап.
Бейтааныш үн:—Ал-ло!..Ал-ло!
эки ооз сөздү угуп тур,
Айылдашың бир карыя
пендечилик кылыптыр...
Мейкиндикти бузуп өткөн—
бул коогалуу кабардан,
Көздөн мөлт деп жаш сыгылып,
доошум чыкпай буулуп тур.
Адатынча кулак жарып,
тыным албай чыркырап,
Куттук сурап достун үнү—
жайдары да, тың чыгат:
Ал-ло!..кана сүйүнчүң бер—
аяшың уул төрөдү,
Ой, барсыңбы?..үнүң чыкпай,
неге калдың нымтырап?!
О, кут болсун кубанычың,
уулуң болсун-өмүрлүү.
Бар дүйнөмдү сүйүнчүгө —
алгын досум баарысын.



Коогаландуу кабар уксам—
таш түйүлөт жүрөккө.
Кубанычтуу мындай кабар—
көңүлүмдүн дарысы.
Тынчтык бузган бул добуштан
жаагын жанып чыркырап.
Айнек сымал таш урулган
ойлор сынып быркырап.
Жүрөксүйүмүн трубканы
көтөрүүгө кол барбай.
Кандай кабар келди экен деп,
кандай түрдө ыр курап.

▲▲▲▲

## ЫЙЫК ЖЕР

О, ыйык Жер, сен тегизсиң жалпыга,
Бөлүп жарбай мүнөзүнө салтына.
Жыргал берип көкөлөттүң, маарытың,
Кимдер канча жетет дебей баркыма.

Жеңилдерин жерибедиң жекелеп,
Тирүүсүндө жашоо менен жетелеп.
Көзү өткөнүн кучагыңа жашырдың,
Түбөлүккө турпагың жаап бөпөлөп.

Коюнуңа карт кылымдын эченин,
Сансыз жылдар жаап жашырып этегин.
Батты баары, ала кетти таштабай—
Канчалаган ойчул, сөзмөр, чеченин.

Буга күбө—Ай—күн менен өбүшкөн,—
Тоо, талаалар, үстү түшкөн көрүстөн.
Жетпейт күчү, жетпейт күчү эч кимдин—
Ажыратып адам—Жерди бөлүшкө.

Ошентсе да, араң жүрүп сенделип,
Күнөө кылдың айып бизде пенделик.
Кан агызып турпагыңа, ташыңа
Кекээрлендик канкордукка эрденип.

Кан жыттантып сенин асыл түрпагың.
Шейит кылдык адамзаттын урпагын.
Айлаң түгөп, сен бозоруп алсырап,
Аргасыздан адам канын ууртадың.

Жашка жуулган көздөн аккан буурчактап,
Кечир бизди кан жыттанган турпактар?!
Кечир бизди шейит кеткен күнөөсүз—
Кайтпас жолдо, жерде калган урпактар?!

▲▲▲▲

## 14-ИЮЛЬ

Эсимде өткөн жылдын ушул түнү.
Чубуруп эл агымы көчөлөрдө.
Жигиттер гүл ыргытып терезеден,
Кыздарды чакырышкан кечелерге.

А быйыл жайкы түндө жымжырт көчө,
Чырылдайт жалгыз бака түндү жарып
Боз тамдар айлангансып мүрзөлөргө,
Күн бүтүп, калган өңдүү заман тарып.

Жүрөктөр согот башка жарылчудай,
Көңүлдү шумдуктуудай ойлор басып.
Арсылдап таң атканча үрүп жүрчү,
Итибиз үрбөй калды башын катып.

Булуттар боёлушуп кара түскө,
Өңдөнүп энелердей кара кийген.
Көнөктөп жамгыр төгөт көз жаш болуп,—
Кең асман, кең ааламдан кабак түйгөн.

Жигиттер көчө бойлоп кыз уулабай.
Үңкүйүп үйлөрүндө үшкүрүнөт.
Селкилер көз илинсе жалгызсырап,
Жырткычтар адам түстүү түшкө кирет.

Бул түнгө орток болуп күүсүн чалып,
Жээгинде чалчык суунун жаагын жанып
Кайталап болбосун деп коогалуу түн,
Чырылдайт жалгыз бака түндү жарып.



## АЛАЙКУНУН КАН ЖОЛУ

Кыя жолдо качан, кантип жетем деп,
Руль толгоп, газ педалын бекем тээп.
Капчыгайдын аскасынын бoорунда—
Кудайлашып кийик жолу экен деп;

Төбө чачы тике туруп бириндеп:—
Сакта кудай, колдой көргүн пирим,—деп
Эттү далай адам уулу сыналып,
Бул жашоодон үмүт өчүп үлүндөп.

Катар түшкөн көчкүлөрдө көп туруп,
Кышкы аязда ызгаарыңа өптүрүп.
Айланайын, Алайкунун кан жолу—
Кээ күндөрү кейип калат көпчүлүк

Жайы-кышы тынбай каттап чубаган,
Көп ичинде өтөм—мен да сыналам.
Байлангандай менин бактым өзүңө,
Сенден өткөн ар күнүмө кубанам.

▲▲▲▲

## АЙЛЫМДЫН ЧЫРАКТАРЫ

Жылдыздай асман толо —
кол жеткис ыраактагы,
Бүлбүлдөп катар жанган—
айлымдын чырактары.
Жамгырлуу жайдын түнү—
канжар миз нуру менен,
Ырыңа ыргак кошуп
алгын деп турат баары.

Шакардай көөдөн кайнап—
туулган жер кучагында.
Канатсыз кайкып улам,
бийиктеп учамын да.
Чертилем күүгө келип,
төгүлөм ырга айланып,
Өмүрдү мыжып барган—
мезгилдин тутамында.

Күүлөнүп горизонттой,
кулаган горизонтко,—
Мен жердин баласымын,
кете албайм андан алыс.
Алгачкы алчылантып,
көтөргөн түндүгүмдү,
Туташкан туулган жерге—
бир учу киндигимдин.
Киндиктеш менин жаным
урабай турса—бул тоо,
Көрсөтөр эрте-кечпи—
дүйнөгө кимдигимди.
Аккан суу менин каным,
мөлтүрөк көзүм булак,
Мен өлсөм жашайт алар—
өмүрдү, өзүмдү улап.
Кылымдан кийин тыңша,
кыргыздын кулундары,
Булактын шылдырында—
ыр болуп сөзүм турат.

▲▲▲▲

## ЖЕТИМ ДӨБӨЛӨР

### Атамдын эстелигине

Тоодон жаңы күн кылтыйып,
жекичекти төбөгө,
Таяк сүйрөп бириндешип—
маңдайдагы дөбөгө:
«Ата көрү-ү көз карыгып,
барат жашоо өйдөлөп...»—
Деп кобурап олтурушкан—
карыялар көп эле.

Кары кырга, карыларга—
бул кыр укмуш жарашчуу,
Карс-карс күлчү... ушул жерде
далай кепти талашчу.



Күүгүм кирип кетти дешип —
дагы бир күн умсунуп,
Башын жерге салып ойлуу
үйлөрүнө тарашчу.
Жаңы келген кызыл жүздүү—
чырайындай келиндин,
О ал кезде укмуш эле—
көрүнүшү сеңирдин.
Жашыл бойдон күзгө чейин—
турар эле шибери,
Бир жаралган бейишиндей—
бул жашоодо Теңирдин.

Ал мезгилдин чагылгандай—
бир жарк этип жарыгы,
Бирден терип Жер бооруна—
тартып алды карыны.
Топурагы сапырылып—
сагынгандай курбусун,
Жетимсиреп куурап барат—
тээтиги дөң тамыры.

▲▲▲▲

## КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Көргүң келсе ат жалында—
жоокер кыргыз элесин,
Башка жерге салыштырып—
кырка тоолуу белесин.
Саякаттап жөн гана эмес—
чындап буруп көңүлдү,
Төгөрөктүн төрт бурчунан—
каалагандар кел өзүң.
Көргүң келсе ат жалында—
кыргыздардын элесин.

Тебелебе шагыраган
купкуу шагыл, таштарын,
Билсең булар кылыч кескен—
чоролордун баштары.
Баатыр кыргыз алп денеси—
найза бузган төш сөөгүн,

Куралдары кошо каткан—
колдоруна ашталуу.
Жөн таш эмес мобул тоонун
корум-корум таштары.

Ойго келбей касташкандан—
шейит болуу, соо калуу,
Ат үстүндө төгөмүн деп—
каршылашкан жоо канын.
Жапа чеккен жаш баатырдын—
жүрөк каны оргуган,
Тээ тетиги кашка булак—
жарып чыккан зооканы,
Жаш баатырдын жүрөк каны—
төгөм деген жоо канын.

Қошкурунуп чапчып жердин—
кан жыттанган катмарын,
Жайдак кетпей ээсин таштап—
ташка айланган аттары.
Уламыштуу кыргыз тоосу—
көрсөтмөсү тарыхтын,
Сактап калган өз боoруна—
кылымдардын тактарын.
Уюп калган кыргыз каны—
жердин жошо катмары.

▲▲▲▲

## АЗИЯ

Жарык жанган тирүүлүктүн —
белесине бир келип,
Күн чыгышта жашап өткөн—
акындардын пирлери.
Координата сызыгындай—
чыйры менен калтырган,
Биз алардын соңку көчү—
бара жаткан иргелип.
Күн чыгышта жашап өткөн—
акындардын пирлери.



Жалпы журтка тегиз тийген—
оюн-күлкү, кайгы-муң,
Кенч сыяктуу кенен эле—
калкыбыздын кайрымы.
Күнүмдүктүн кулу болуп —
бийиктикке кол сунуп,
Көк бөрүдөй тарттык, үздүк—
улуу салттын айрымын.
Кенч сыяктуу түгөнбөгөн—
бабалардын кайрымын.

Тоолоруңа, чөлдөрүңө
эмчек салып ийип Күн,
Көрө билген төгөрөктү,
сырын ачкан бийиктин.
Ойчулдардын оргуштаган—
булактары ачылып,
Калыс жандар сенден чыккан —
чынбы, Азия, сүйүктүүм?
Сөзгө чечен, акылга бай —
ыйыктары ыйыктын.

Эй, Азия, тур уйкуңдан,
жообун берчи булардын,
Тебеленип арам бутка—
уйкусуроо кумарбы?!
А болбосо айтчы неге—
жыртык чапан жамынып,
Күнүң кетип кароосу жок
жетимдердей кубардың?!
Эй, Азия, тур уйкуңдан,
жообун берчи булардын!

Кайда кеткен көздөй көлүң,
көк деңизиң-Аралың?
Ыйладыңбы эстеп аны,
неге төмөн карадың?
Көтөр башты, о Азиям,
козгол эми ордуңдан,
Таяк кылып таян мени,
бут шилтөөгө бар алың
Кыймылга кел, о Азиям,
өзөгүңдө бар жалын!

## КӨРҮНҮШ

Көпкөк асман, көз жетпеген—
уч кыйры жок мунарык,
Жашыл жайлоо, буркураган—
гүлкайырлар буралып.
Кашка сууну кечип өтүп,
атыр жыттуу абаңа,
Нооту, Нооту сени карай—
бир топ бала чубадык.

Араласак башын ийип—
салам берет чөптөрүң.
Сезип сезбей дердеңдейбиз—
буту колдон өпкөнүн.
Божурашып маек куруп—
өткөн-кеткен күндөрдөн,
Барат жыргап, кыт-кыт күлүп—
кыялга мас көптөрү.
Топ жаңгагын тармал чачтуу
кара адамдын башындай,
Соккон желге дир-дир этип—
ичте сыры ачылбай.
Бизден чочуп араң турат,
араң турат кыпылдап,
Бул пенделер өтсө экен деп—
бутак шакка асылбай...

Жете келип отообузга,
чатырларга жайгашып,
Кобурашып зериккенден—
айрымдары жай басып.
А бир тобу чекесинин
терин аста шыпырып.
Тост көтөрүп бакылдашып—
жатат конуш майлашып.

Акырындап чүмкөй тартып—
тегерете түндүгүн,
Каптап келген түнгө бийлик—
берип кетти күн бүгүн.



Гүлдөй жайнап ак чатырда—
катар жаткан кыздарга
Көзүн кысып толду жылдыз—
түгөл каптап түн түбүн.

Кызгангансып бул кыздарды—
жылдыздардан ак булут,
Коюу келип шашкалактап—
жамгыр колун шарт сунуп.
Ак чатырдын тешигинен—
өтүп келип түз эле,
Сылайт кыздар саамайынан,
жылуу этке тартылып.

Табигаттын ак сүйүүсүн—
шайтан кыздар билеби,
Ичиркенип—ичикий—деп—
купкуу тартып ирени.
Тыгылышып кургагыраак—
бир бурчуна чатырдын,
Кыйкырышат: «Өлдүк а-гай,
кел тезирээк кир эми!
Түбүң түшкүр, тойгозду го—
токтойбу жаан акыры,
Бардык адам типтик турат—
жетпей буга акылы.
Дыр коюшуп качып кеткен—
бирин таппай кыздардын,
Кумарланып жамгыр тынбай—
төшөгүн өөп жатыры.

## ТҮШҮМДӨ

Мен түшүмдө тентип жүрүп—
түбү чексиз жактарда,
Капысынан жолугуштум—
байыркы өткөн шахтарга.
Таажы сунуп, урмат кылып,
эл бийле деп так берип,
Мингизишти күлүк тандап,
алтын жалдуу ат кармап.

Сапырылтып куйрук жалын—
алтын көкүл күлүктүн,
Элге чачып казнадагы—
болгон байлык, түлүктү.
Төрт тарабым төп келишип,
бары түгөл болсо да,
Кумарланып көөдөн өксүп —
ырга жетпей жүрүпмүн.
Баары жакшы жүргөн жерим,
ыр жетишпейт жеке эле,
Кетким келет алтын тактан,
бийлигимден чекелеп.
Мына ошентип сабырым суз
жүрсөм Хаям жолугуп.
Алып барды ыр дүйнөгө—
колдон алып жетелеп.
Мелт калт кылып сунду мага—
ыр куюлган кесени,
«Көкүрөгүң күүгө толду—
ырдын сенде кезеги.
Көп назарын буруп алдың,
ишеничти таштабай,
Баргын,—деди, —кызматыңа —
кылчактабай тез эми»
Келдим кайра-өз ордума...
күндөр өттүү зуулашып,
Көкүрөк тээп атырылат—
алтын саптар чуурашып.
Мартабасы өсө берди—
мен башкарган өлкөнүн,
Акындары ыр жазышты—
саптарымды туурашып.

▲▲▲▲

## АЗЫР АНЫН КЕЗЕГИ

Өрдөн барам чыйыр менен —
улуу тоонун этегин,
Жолум татаал...барар жерим—
поэзия мекени.



Канат талып куш өтпөгөн—
туу чокунун учуна,
Из калтырып кетсем деймин,
ага күчүм жетеби?

Сапар алдым түн жамынып—
акындардын салтында,
Ишенгеним жалпы кыргыз —
жөлөк болор артымда.
Тар кыяда каршы чыгып,
жеп ийчүүдөй жулунуп,
Кытмыр иттер алдым тосот,
жөн өткөрбөй арсылдап.

Боз түлөккө үргөн байкуш—
алсыздыгын сезеби,
Арсылдасын, үрүп калсын—
азыр иттин кезеги.
Бир мезгилде улутунуп,
жүнүн жулар өзүнүн,
Көзгө сүртүп таап алган —
ак шумкардын тезегин.

▲▲▲▲

## СЕЗИМИМ

Дүргүп денем, кызый-кызый—
алоологон от болуп,
Тентек кыял бийик учуп—
канат күүлөйт, шоктонот.
Буттан тартып, жерге ныктап—
кыса кармап желкеден,
Көп оолукпай жөн жүргүн деп—
заман тартат ноктолоп,

Талабым бар чепке турган—
тоскоолдорду сүрөм деп,
Үмүт барат бириндетип—
ай талаага үрөн сээп...
Ташыркатып таштак жолдо—
жем түшүрүп мүдөөмө,
Турмуш бурат оңго-солго—
оОздук салып, жүгөндөп.

Көрүнбөгөн көп адамга,
айрымдарга жакпаган,
Мөлтүр аккан сезимим бар—
жүрөгүмө сактаган
Ошол агым кезегинде —
жарып токсон тосмону,
Шоокуму күч дайра болор—
кыргыз жерин каптаган.

...ДЕП КЕЛЕМ

Тууган эмес оомат барда —
каттап, аяк тыйбаган,
Курбум эмес утурумдук—
чайын сунуп сыйлаган.
Үзөңгүдөн бут тайганда —
башым аттап чыртыяр,
Дал ушулар адам болуп—
эч нерсени түйбаган.
Досум дебей кытмыр сүйлөп,
кош далыга чапканды,
Сүйдү дебейм кылыктанып,
сырдуу кашын какканды.
Душман дебейм бүт айбымды
бетиме айтып жашырбай,
Маңдайымда кабак бүркөп,
ачууланып жатканды.
Ээрден көчүк кыйшайганда—
мактаган дос асылат,
Кашын каккан кышка айланат,
көздөн каары чачырап.
Мени тилдеп кабак түйүп,
ачууланган бул тууган,
Жөлөк болуп тар кыяда —
бир жарк этип ачылат.
Эрдик дебейм тебелесе
колунда жок байкушту,
Сөзмөр дебейм—ооз көптүрмө
тантык жарыш, айтышты.



Акылдуу деп баалабаймын—
салабаттуу, жай сүйлөп,
Омал-төкмөл жүрүшүнөн—
кетип жатса калпыстык.
Чечен деймин кыска сүйлөп,
таамай кепти тапканды,
Баатыр деймин менменсинбей,
өзүн-өзү басканды.
Сыйлап келем даанышман деп
таасирлентип ар кимди,
Сөздөн эмес, жүрүшүнөн
көпчүлүккө жакканды.

ТУРМУШ

Тирүүлүк бул жаз күнүндөй —
кубануулар, кайгыруу,
Кыялдануу, санаа тартуу...
жолугушуу, айрылуу.
Аттиң деген өкүнүчтөр,
ызалануу, толкундоо,
Баспайм деген бир жолуна —
кайра баштан кайрылуу.

Турмуш шашуу күйкөлөктөп
көп күтүүлөр, зарыгуу,
Зарыктыруу...табышуулар,
сыйлашуулар, таарынуу.
Жалгызсыроо, зеригүүлөр,
кусалануу уйкусуз,
Сыр төгүшүү элжирешип,
кусалыктан арылуу.

Жана дагы сагынтуулар,
өзүң күсөп сагынуу,
Көңүл калуу басмырланып,
азаптарга кабылуу.
Турмуш деген-улуу күрөш
түбөлүктүү бүтпөгөн,
Эпке салуу өз тагдырын,
же тагдырга багынуу.

Максат коюу, ал максатка —
талап менен берилүү,
Кан майданда жоокерлердей
алга жүрүү, чегинүү.
Коргобосоң намысыңды —
чептей туруп, жан досум,
Топтой болуп ара жолдо —
томолонуу, тебилүү.

▲▲▲▲

## БУЮКПА

Күзгү гүлдөй жыты кетип,
таажылары соолуган,
Адам көрсөң маанайы пас,
көңүлүнөн ооруган.
Чыйт түкүрүп басмырлантып,
текебердүү тебелеп,
Кайра жангыс болуп өчтү—
бактысы деп жоруба
Адам көрсөң маанайы пас,
көңүлүнөн ооруган.

Мезгил өкчөп сакасындай,
алчы, пөк-чик кондуруп,
Нечен ирет буюктуруп—
жүрөккө муз тондуруп.
Зарыктырып алыстатып —
булбулдөгөн үмүттү,
Кызыл жүздүн канын соруп,
купкуу кылат оңдуруп.
Мезгил өкчөп сакасындай,
алчы, пөк-чик кондуруп.

Сен да бир күн туш болосуң—
дал ушундай туюкка,
О, бурадар, мына ошондо—
ызгаарларга буюкпа.
Туруктуу бол, бул өткөөлдөн —
өтөөрүңө ишенгин,
Алыс таштап кетээриңе—
сарсанаалуу уюктан,
Кайраттуу бол, о бурадар,
ызгаарларга буюкпа!



## КОШ ТЕРЕК

Бир өзөндө катар өскөн—
тамыры бир кош терек,
Добул соксо, жел ыргаса —
экөө бирдей доош берет.
Кош теректей чырмалышкан—
сыноосунда мегилдин,
Ый-күлкүнү тең бөлүшкөн—
адамзатка дос керек.
Чыккыс болуп чырмалышкан—
адамзатка дос керек.

Кош теректи кескичекти —
ара салып балталап,
Турат алар кырсыктардан
бирин-бири калкалап.
Шамал булкса шуулдаганы—
тийиштирип баштарын—
Бир бололу—деген сөзү—
кеткичекти талкалап.
Кескичекти экөөбүздү —
эки бөлүп балталап.

Жакшылыкта тост көтөрүп,
жайып турган кош колун,
Бейпил күндө ырыскыны—
тең бөлүшкөн досторум;
Эгер бирөө арабыздан
каран күнгө туш болсо,
Жетер бекен дарманыбыз
бир аз үлүш кошкону,
Жакшы күндө ырыскыны
тең бөлүшкөн досторум.

Жок досторум, акырындап —
каттоо калып тыйылып,
Таңда кеткен жылдыздардай—
карааныбыз суюлуп;
Кетебиз ээ кумга сиңген—
тамчылардай жок болуп,
Турган чакта ал байкуштун—
көздөн жашы куюлуп.
Жөлөк болуш кайда, кайра —
кетебиз чын суюлуп.

## ДОСУМ, КӨҢҮЛ БУРБАЧЫ

Мезгил улап абалкыдай —
өмүрүмдү уурдашын,
Азыр менде өлүк күндөр,
досум, көңүл бурбачы?
Күндөр оошуп келээрине —
ишенемин өзгөрүп,
Толкун болуп күргүштөгөн—
обон созуп ырдачу.
Азыр менде өлүк күндөр,
досум, көңүл бурбачы?!

Жол ачылат бүгүн бардык
тосмолору бекиген,
Кел ошондо ооз тийип кет—
ыр мөмөнүн четинен.
Ал күндөрү менден мурун—
ырым тосуп жолуңан,
Өзүм өппөй, ырым өбөт—
тамылжыган бетиңен.
Ачылганда менин жолум—
тосмолору бекиген.

▲▲▲▲

## ӨЛҮК КҮНДӨР

Карт дарактай күздүн жели—
жалбырагын күбүгөн,
Жашыл ойлор жашынышып—
туңгуюктун түбүнө.
Жалгыздыктын жансыз чаңы —
курчап алып денемди,
Салмак менен басып турат—
кош далыман, мүрүмөн.

Бул көрүнүш кайталанчу —
мезгилдерге көнүкпү,
Кепин кийип, октос берип—
келди мага өлүк күн.



Кулак тунуп, сезим кургап,
төрт тарабым түнжурап,
Керең сымак олтурамын,
балким, өзүм-өлүкмүн?!

Шашпа досум, кыял эргип—
жаңы сезим жаралар,
Колунду чаап азыр мага—
жылмаң этип караба.
Келекелөө шылдын кылып—
жансыз күндүн адамын,
Өлгөндөрдүн бейитине—
түкүргөнгө барабар.

▲▲▲▲

## КӨҢҮЛ

Тапсаң эгер бир учугун—
күмүш толкун чачырап,
Көңүл деңиз чексиз түбү
көп нерсени батырат.
Жаңылышсаң бутту дей бер—
деңиз музга айланып,
Тийген жериң ошол замат —
сынып түшөт чатырап.

Баштагыдан кемирилип—
бузулган соң сыны бир,
Башкалардай бүтпөйт кайра—
көңүлдөрдүн сыныгы.
Жаракалуу көңүл менен—
адам колдуу кыйраган,
Ыйык делип көп сыйынган—
ордолуу шаар куну бир.

О бурадар, көзүң барда—
жан адамды сыздатпай,
Жүрөгүндүн жалынын бер—
табын суутуп муздатпай,

Жылуу кепке зар болобуз—
айтууга да, угууга,
Калган чакта тамыр куурап—
жер алдында, муздакта.

Жан курбулар, суу бүркпөйлү —
бирибизге-бирибиз,
Көк темирдей гөр түбүндө—
чирип моюн шилибиз.
Жакшы кебин артка тартып,
уусун чачкан бүгүнкү,
Курт-кумурска жеми болор—
ушул уулуу тилибиз.

## ӨӨДӨ ӨЛҮМ

Ыкыбалың көтөрүлсө—
жетип кезек келмеги,
Түпсүз басып, чыкчырылып —
көкүрөктү кербегин.
Болбосо да мартабасы—
сендей бийик башында,
Хандыгы бар өз күнүнө—
ар бир тирүү пенденин.

Мелжеп өскөн көз тайгылтып—
көгүш асман тарапты,
Башын иет төмөн карай—
мөмөлөрү дарактын.
Сен мөмөлүү дарак сымал
ийилчээк бол калкыңа,
Жакшы тилек, акыл кебин—
керегиңе жараткын.

Ченеми жок кербезденип—
көтөрүлсө көөдөнүн,
Келип тиет рухуңа—
күтүлбөгөн бөөдө өлүм.
Жашаганча каргыш угуп,
калкыңа жек көрүнүп,
Бул жашоонун кумарына—
канбай кеткен өөдө өлүм.



## БИР КҮН КЕЛЕМ

Аяк улоом чарбаныкы —
жаман тору чобур ат,
Чымындайбы саратанда —
оозун бербей оолугат.
Мобул жолдон каттайм күндө —
эң кеминде эки ирет.
Ойлуу кээде, а бирерде —
ырдап алып кобурап.

Ал анткени, мен да адаммын—
тирүүлүккө кейипкер.
Турмуш шары көп катары —
кубанткан да, кейиткен.
Мага окшогон тирүү жандын —
баары-баары жан алек,
Тыптынч жатат жалгыз гана —
боз топурак бейиттер.

Эски тамдай ээсиз калып,
короо-жайы тарыган,
Жол жээгинде бейиттердин
өтөм Батыш жагынан.
«Биз да сенче адам элек...
бир аз көңүл буруп өт,»—
Деген үндөр угулгасыйт —
ал күмбөздөр жанынан.

Тирүүлүккө түркүк болуп,
өлбөөчүдөй кейипте,
Бир кылчайбай, түз өттү деп
о мүрзөлөр терикпе?!
Кантип танам — бул жүрүшүм
меники да күнүмдүк,
Чобуру жок бир күн келем
мен айланып бейитке.

## МАЗМУНУ


Адашпа жүрөк 5
Эгиз гүл 5
Тийбесе экен кесирим 6
Ак өргөө 6—7
Ыр сабында жанбаса 7—8
Алыкулга 8
Өмүр 8—9
Кемий берем 10
Түнкү ыр 11
О, кыргызым 11—12
Сүрөтүңдү түшүрөм 12—13
Мен 13—14
Накта жүрөк 14—15
Аялзат 15—16
Кыздар 16—17
Кыргыз келини 17
Аялзатка багынуу 17—18
Жамгыр жана кыз 18—19
Жазгы жамгыр 19
Саба, жамгыр 20
Ак булут 20
Жамгыр, жолдор, дарак 20—21
Булуттар 22
Түнкү сүрөт 22—23
Жаздын түнкү шамалы 23—24
Түнкү махабат 24—25
Музалуу түн 25
Кышкы түн 26
Түн көшөгө 26—27
Саамайыңдан сылап турам 27
Ак кийик 28
Шам чырагым 28—29
Кара көзүм 29—30
Ырга азык 30—31
Күүнү чертип барамын 31—32
Сулууга 32
Кыян 33
Боз чымчыгым 33—34
Мажүрүм тал 34
Биз экөөбүз 35
Көлөчтөйсүң 35
Күкүк үнү 36
Ит жөнүндө 36—37
Музыка 37—38
Комуз 37—38
Менин доорум 39—40
Жакшы кабар 40—41
Согуш айтат 41—42
Карылар тебеленет 42—43
Келет кары 43
Жаштык 44
Абышка 45
Абитуриент 46
Тагдыр 46—47
Балык 48
Өмүр жөнүндө 48—49
Тарткычакты сүрөткер 49—50
Шофер 50—51
Акын жөнүндө 51—52
Акын парзы 52—53
Акын руху 53
Төрт сапарга төрт сап ыр 54—56
Телефон 56—57
Ыйык жер 57—58
14-июль 58—59
Алайкунун кан жолу 59
Айлымдын чырактары 59—60
Ата журт 60—61
Туулган жер 61
Мрбул тоо менин жаным 61—62
Жетим дөбөлөр 62—63
Кыргыз тоолору 63—64
Азия 64—65
Көрүнүш 66—67
Түшүмдө 67—68
Азыр анын кезеги 68—69
Сезимим 69—70
...деп келем 70—71
Турмуш 71—72
Буюкпа 72
Кош терек 73
Досум көңүл бурбачы 74
Өлүк күндөр 74—75
Көңүл 75—76
Өөдө өлүм 76
Бир күн келем 77

30 сан.

**МЕКЕН, МЕЗГИЛ, АПАМ ЖАНА МЕН**

**(ырлар)**


| | |
|---|---|
| Редактору | К. ТАШБАЕВ |
| Техредактор | Г. МАТЖАКЫПОВА |
| Корректору | А. ЖУСУПОВ |
| Сүрөтчүсү | Т. КАДЫЕВ |

Терүүгө 27.05.94-ж берилди. Басууга 30.06.94-ж кол коюлду. Кагаздын форматы 60х84 1/16. Адабий тамга. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 5 эсептик басма табак. Нускасы 5000. Буюртма № 2706.

Эркин баада

---

Мамлекеттик «Акыл» концерни Ош облустук бас маканасы. Курманжан датка көчөсү, № 209

